# Жайлоодогу жарык



Автор: Жыргал Сокурова

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Жайлоодогу жарык

Автор: Жыргал Сокурова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жайлоодогу жарык" (кыргыз тилинде), автор Жыргал Сокурова, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Бир жолу Жакшылык апасынын кобуранып жатканын угуп калды.

– Ка-ап, эми эмне кылам, мен бошогуча, сүтүм ирип бара жаткан турбайбы. Сүт тартканга да жетишпей калбадымбы.

Жайлоодо түйшүк таптакыр түгөнбөйт. Эки саатта бирден бээ саалат. Кымызды сабаага куюп жакшылап бышуу керек. Таң эрте уй саап, сүтүн тартып, айран уютулат. Ал сүзмө баштыкка куюлуп, даярынан курут жайылат. Нан, тамак бышыруу да керек. Кеч киргенде мал жайыттан келет. Кайра уйлар саалат...





Балдар ата-энесине күнүмдүк жумуштарга жардам бергенге аракет кылышат. Мал айдашат, тосуп келишет. Суу ташып, казанга ысытып, кир жуушат. Сепараторго сүт тартышат. Тамак даярдаганга да жардамдашышат. Курут жайышат. Кургак отун чогултуп келишет.

Түштө Жакшылык чакаларын көтөрүп алып сууга барса, балдар чурулдап ойноп жүрүшүптүр.

– Салам, Жакшылык! Ойнойсуңбу? – деп сурап калды Хадича.

– Жок, суу ташып, кир жууганы жатабыз. Апама жардам бербесем болбойт.

Жакшылыктын сөзүнөн улам, ар бири апаларынын жасаган иштери тууралуу ойлонуп калышты.

– Үй жумушун кантип жеңилдетсек болот? – деп сөздү Элнур баштады.





– Көп нерсе электроэнергияга байланыштуу го. Анын жардамы менен, жумуш тез аткарылып калат эле, – деди Жакшылык.

– Чын эле, келгиле, бир нерсени ойлоп табалы. Балким, жакшы  идея пайда болуп калат. Кимде кандай сунуш бар? – деген Хадичанын сөзү балдарга жакты.

– Жайлоодон эмне ойлоп табасың? – деди Жакшылык.

– Таптым, таптым! Биздин конушка жакын шаркыраган тоо суусу агат. Суудан энергия да алса болот деп окугам. Чакан ГЭС курбайлыбы? – деп Элнур кубанычтуу кыйкырып жиберди.

– Кайдагы ГЭС? Жайлоодо жүрүппү? – Хадича таң калганын жашыра албады.

– Достор, жарык алганды Ютуб каналдан көргөм. Дал ушул биздин жайлоого окшош жердеги суудан энергия бөлүп алынганы  жөнүндө болчу, – деди Жакшылык.

– Туура айтасың,  андай маалыматтар абдан көп, – деп Элнур Жакшылыктын оюн бекемдеди.

Балдар ого бетер кызыгып, алардын суроолору түгөнгөн жок.

– Эгерде чакан ГЭС курулуп калса, жайлоодогу элге бир топ жеңилдик болот, – деп Элдар үн катты.

– Ооба, анда электроэнергиянын жардамы менен сүт тартып, кир жууп, ал тургай нан, тамак да бышырып алмакпыз, – деп Хадича кыялданып калды.

– Максат байкем суудан жарык бөлүп чыгарса болот деп көптөн бери эле айтып жүрөт. Жүргүлө, байкем менен кеңешип көрөбүз, – деп Элнур үйүн көздөй балдарды баштап жөнөдү.

Максат байке кагаз, карандаш кармап, бир нерселерди чиймелеп отуруптур. Ал келечектеги инженер-куруучу. Каникулга чыгып, жайлоого келген.





Балдар учурашып, келген себебин чурулдашып айтып беришти.

– Силердин абдан жакшы оюңар бар экен. Чакан ГЭС курулса, экологияга да зыяны тийбейт. Андан сырткары, мындай ГЭС оңой менен жетпеген алыскы аймактарды электроэнергиясы менен камсыздайт эле.

Чакан ГЭС – кайра жаралуучу электроэнергия булагы. Суу басым менен гидротурбинанын калакчаларына тийген кезде, генератор кыймылга келип, электроэнергия иштелип чыгат.

Бирок чакан ГЭСти куруу үчүн чоң каражат керектелет. Дамба куруп, турбина, күчтүү генератор алыш керек.

Күн батареясын да колдонсо болот. Ал  жалтырак кабык менен капталган жалпак панел түрүндө жасалат. Бул батарея көп жылга үзгүлтүксүз кызмат кылат. Ал таркылдап иштеген генераторго караганда үнү жок. Экология жагынан да таза. Эң негизгиси, көп каражат талап кылбайт. Бир эле батареянын күчү менен үйдө жарык болуп, тиричилик техникасын иштеткенге да кубаты жетет, – деди Максат байке сөзүн толуктап.






– Тоого чоң атамдыкына барганда көргөм. Ал жерде үч-төрт боз үй бар. Күн энергиясын алуу үчүн атайын батарея колдонушат экен. Боз үйлөрү жарык. Муздаткыч, телевизор, жада калса, кир жуучу машинкасы да иштейт. Жайлоодогу башка конуштардан келип, телефондорун заряддап да кетишет экен, – деп Хадича көргөндөрүн айтып берди.

– Мындай күн панели Кыргызстанда да жасалат турбайбы. Жети миңден эки жүз миң сомго чейин сатып алса болот экен. Ал саатына 320 ватт энергия берет, – деп Жакшылык интернеттен окуганын айтып берди.

– Жайлоодо электр энергиясы болсо, элдин жашоосу бир топ жеңилдеп калат эле, – деди Элнур.

– Балдар, ата-энелерибизге күн панели тууралуу айтып көрбөйлүбү? – деди Хадича.

Көп узабай, жайлоодогу боз үйлөрдө күн панелдери орнотула баштады...



Ар биринин үйү жарык, көңүлдөрү шат. Интернет жеткиликтүү болуп, телевизор иштеп, ар нерседен кабардар болуп калышты.

Хадича апасы экөө электроэнергияны колдонуп, кир жууп алышты.

Жакшылык саалган сүттөрдү электр менен иштеген сепаратордон өткөрүп берди.

Апалар электромешке таттуу токочторду жасашты.

Ал эми Максат байке кечинде балдарга чоң экрандан кино көргөзмөк болду.

Чакан ГЭС жайлоодогу беш-алты түтүн үйдү түн ичинде жапжарык кылып, үй-бүлөлөрдүн тиричилигин да бир кыйла жеңилдетип, баарына кубаныч тартуулады.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Жыргал Сокурова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |